**УДК 373.2**

***Бекежанов М.М., Уметова А.***
*Бекежанов Марлис – п.и.к., доц.м.а., С. Нааматов атындагы НМУ*
*Уметова А. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ӨНҮГҮҮНҮН ЖЕКЕ ФАКТОРУ

# ФАКТОР ЛИЧНОСТНОГО РАЗВИТИЯ В ИНКЛЮЗИВНОМ ОБРАЗОВАНИИ

# FACTOR OF PERSONAL DEVELOPMENT IN INCLUSIVE EDUCATION

***Аннотация.*** *Инклюзия заманбап билим берүүнү өнүктүрүүнүн борбордук идеясы, коомчулуктун терең социалдык жана баалуулук өзгөрүүлөрүн талап кылат. Инклюзия бириккен коомчулуктун идеясына негизделген.*

*Инклюзия социалдык түзүлүшкө жаңыча мамиле жасоону болжолдойт, ошондуктан социалдык институттарды өзгөртүүнү талап кылат. Аны жасалма жол менен өстүрүүгө мүмкүн эмес. Анын өнүгүүсү бардык адамдардын биологиялык гана эмес, ошондой эле социалдык жана психологиялык муктаждыктарын канааттандырууга багытталган коомдун бардык чөйрөлөрүнө социалдык институттарды куруудан башталат.*

***Аннотация.*** *Инклюзия является центральной идеей развития современного образования, которая требует глубоких социальных и ценностных изменений в обществе. Инклюзия основана на идее единого сообщества.*

*Инклюзия предполагает новый подход к социальной структуре и, следовательно, требует изменения социальных институтов. Его невозможно вырастить искусственно. Его развитие начинается с построения социальных институтов во всех сферах жизни общества, направленных на удовлетворение не только биологических, но и социальных и психологических потребностей всех людей.*

***Annotation.*** *Inclusion is the central idea of the development of modern education, which requires deep social and value changes in society. Inclusion is based on the idea of one community.*

*Inclusion involves a new approach to social structure and, therefore, requires changes in social institutions. It cannot be grown artificially. Its development begins with the construction of social institutions in all spheres of society, aimed at satisfying not only the biological, but also the social and psychological needs of all people.*

***Негизги сөздөр:*** *Инклюзия, инклюзивдик билим берүү, фактор.*

***Ключевые слова:*** *Инклюзия, инклюзивное образование, фактор.* ***Key words****: Inclusion, inclusive education, factor.*

Инклюзия идеясы адам укуктарын, анын кадыр-баркын, инсандыгын, ошондой эле анын статусун аныктоочу жана анын укуктарын камсыз кылууга таасир этүүчү социалдык жана маданий процесстердин механизмдерин түшүнүүдөгү масштабдуу өзгөрүүлөрдүн алкагында жаралган. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата мамиленин өзгөрүшү бул өзгөрүүлөрдүн бир гана көрүнүшү болду.

Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар кээ бир артыкчылыктарга дагы жана ошондой эле кемчиликтерге ээ. Инклюзивдүү окутуу окуучулардын социализациялашуусунун, алардын мобилдүүлүгүн өнүктүрүүнү, дүйнөнүн көп түптүү мамиле жолун таанып-билүүсүнүн бирден бир жолу катары каралат. Ошондой эле ар бир инсандын таасирдүү өнүгүшүнө жана чөйрөнү толугу менен кабыл алууга шарт түзөт.

Андыктан бул процессти алардын өсүшүнө жөнөкөй жана пайдалуу интеграция формасын камсыздандыруу менен уюштуруу керек.

Педагогдордун билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды окутуу шартындагы инклюзивдик компетенттүүлүгүн жогорулатуу олуттуу мааниге ээ. Кыргыз Республикасында Ч.А. Джумагулова «Инклюзивдик билим берүүнүн принциптери жана практикасы» аттуу эмгегинде: «билим алуудагы атайын муктаждыктары бар балдар коомдон ата-энелердин туура эмес пикирлерине жана коомчулуктун бул балдарга мамилесине байланыштуу коомдон изоляция болгон, алар атайын уюмдарда жайгаштырылган жана бул шартка байланыштуу коом аталган балдар тууралуу, алардын муктаждыктары жөнүндө билген эмес» –, деп белгилейт [1,
11-б.].

Д.С. Барсанаева «Инклюзивдик билим берүү аркылуу балдарды мектепте социализациялоонун педагогикалык шарттары» аттуу эмгегинде инклюзивдик мектепте балдарды социалдаштыруунун теориялык-методологиялык маңызын ачып, окуучунун инсандык өнүктүрүүчү фактор катары инклюзиянын социалдык концепциясы тууралуу жазылган [2].

Бирок, бул эмгектерде «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнө көңүл бурулган эмес. Алсак, Ч. Джумагулова инклюзивдик билим берүү процессинде педагогдордун аң-сезиминдеги өзгөрүүлөрдүн маанисине токтолсо, Д.С. Барсанаева жакшы уюштурулган инклюзивдик билим берүү чөйрөсүнүн балдардын коомдошуусуна тийгизген таасирин белгилеген, ал эми Л.М. Кобрина болочок мугалимдердин инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптануу этаптарын карап, адистердин орто мектептеги өнүктүрүүчү ишке даярдоо өзгөчөлүктөрүн ачкан.

Инклюзивдүү билим берүү бардык балдар, ата-энелер, педагогдор жана бардык социум катышкан процесс.

1995-жылдан баштап, инклюзивдүү окутуу идеясы Кыргызстандын билим беруу мекемелерде ишке ашырылган. «Кадам артынан кадам» эл аралык билим берүү програмасынын философиясында түптөлгөн жана 53 бала бакчада ишке ашкан. Өзгөчө муктаждыгы бар балдарды жонокой балдар бакчасына киргизүү тажрыйбасы жакшы натыйжа алып келди. «Балдарды сактагыла» (Великобритания) фондусу бул идеяны 1997- жылы уланткан. Инклюзивдүү окутуунун биринчи кадамдарын Нарын областынын мектепке чейинки мекемелеринде жасалган. Бүгүн бул тажрыйба республиканын бардык аймактарында жайылууда.[3]

Эгерде өсүүдө проблемасы бар балдар жөнүндө чоң камкордук көрсөткөн бардык мамлекеттердин тарыхына кайрылсак, биз буларды айта алабыз: XIX кылымга чейин балдарга камкордук көрсөтүү багуучулук мүнөздө келген, балдар үйлөрүндө калып, керексиз жүк болуп каралган же болбосо аларды жетим балдар багуучу мекемелерге берилчү.

Француз доктуру Жан-Марк Итар 1800-жылы өсүүдө проблемасы бар балдарга сейрек усулдук окутууну иштеп чыккан. Бул методика кийин АКШда өркүндотүлүп, уюм түзүлгон, алар балдардын акылынын өсүү ироблемасын илимий жактан окуп-билүү максатып коюшкан. Биринчилерден болуп, 1830-жылы АКШда дүлөй жана сокурлар үчүн мектеп ачылат, алар балдардын үйлөрүнөн алыс жайгашкан жана интернат принцибинде иштеген. [4, 16-б.].

Атайын окутуу системасы Россияда 1917-жылы революциядан кийин түзүлгөн. Атайын окуу мекемелеринде баланы окутуу жана багуу төлөмдөрүн мамлекет камсыз кылган.

Римдеги кедей-кембагалдардын балдарына жардам көрсөтүүгө италиялык врач Мария Монтессори 1900-ж. «Балдар үйүн» түзүү менен аракет жасаган. Ал балдарга өздөрүнүн көңүлүнө жаккан ишти тандоого мүмкүнчүлүк берүү, балдарды сыйлап - кызыктыруу, балдардын индивидуалдуулугун урматтоо керек экендигине көзү жеткен.

Балдардын юридикалык укуктарына жана азыркы мыйзам чыгаруулардын негизинде XX кылымдын 50-жылдарынын ортосунда, АКШда өсүүдө проблемасы бар балдарды жөнөкөй балдар бакчаларына кабыл ала баштаган.

Мүмкүнчүлүгү чекттелген балдарды өзгөчө программа менен иштеген массалык балдар бакчаларга кошуу багытында, аракет кылуунун алгачкы кадамдарын, XX кылымдын 60-жылдарынын ортосунда АКШда «Хед старт» долбоору баштаган.

1994-жылдан баштап, Кыргызстанда мектепке чейинки окутууда дүйнөдөгү 30 мамлекетти камтыган, «Кадам артынан кадам» Эл аралык билим берүү программасынын идеясы иштей баштайт.

Инклюзивдүү окутуунун он жылдык практикасы, билим берүү мекемесин тандоо планында ата-энелерге өз баласынын кызыгуусун жактоо мүмкүнчүлүгүн берет.

«Кадам артынан кадам» программасы 2005-2008-жж. өзүнүн ишин бара-бара токтотот, бирок анын инклюзңвдүү билим берүүдөгү жакшы тажрыйбасын «Балдарды сактагыла» фонду улантат. 2007-жылдын январында Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» стандарты жөнүндө буйругу бекитилген, анын күтүлүп жаткан натыйжалардын бири
«Ииклюзивдүү билим берүү концепциясынын өнүгүшү жана жайылтуу» эсептелинет.[5]

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар кадыресе өнүккөн балдар менен чогуу окуганда, когинитивдүү, физикалык, социалдык жана эмоционалдуу көйгөйлөрдөн көз карандысыздыктан жана өзүнүн кадырынын негизинде, таанымал болгонго бирдей мүмкүнчүлүктөрдү алышат.

**Адабияттар:**


1. Джумагулова, Ч.А. Принципы и практика инклюзивного образования [Текст] / Ч.А. Джумагулова. – Бишкек, 2001.
2. Барсанаева, Д.С. Педагогические условия социализации детей в школе через инклюзивное образование [Текст] / Д.С. Барсанаева. – Бишкек, 2019.
3. Утурлоочу кадам. Ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөөдө жалпы билим берүү уюмунун педагогуна жардам: Усулдук окуу куралы / Түз. А. Абакирова. – Бишкек, 2018.
4. Кетриш, Е.В. Готовность педагога к работе в условиях инклюзивного образования
[Электронный ресурс]: монография / Е. В Кетриш. Екатеринбург: Рос. гос. проф.-пед. ун-та, 2018. 120 с. Режим доступа: http://elar.rsvpu.ru/978-5- 8050-0653-2
5. Эсенгулова, М.М. Анализ качественной характеристики инклюзивного образования и инклюзивной культуры [Текст] / М.М. 172 Эсенгулова, Ш.К. Акимкожоева // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2015. – С. 76-80.